| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы **№ 12– Т О К Т О М У** 6-апрель 2023-жыл

**“Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасына өткөрүлгөн сессияларына компенсация төлөмдөрүн төлөп берүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жеригиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 40-беренесинин 6-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2022-жыл 13-январындагы № 4 Буйругунун Жобо суна ылайык Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасына өткөргөн сессияларына компенсация төлөмдөрүн эсептеп жана төлөп берүү жөнүндөгү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө.Калмуратовдун билдирүүсүн жана төрага Б.Кубатовдун кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1.Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы Б.Кубатовдун жазган кайрылуусу эске алынсын.

2.Айылдык кеңештин иш планынын негизинде ар бир сессияны даярдоого, карала турган маселе, арыз кайрылууларды мыйзам чегинде карап чыгууга, комиссия түзүү, текшерүү, токтомдордун долбоорун даярдоо, сессия өткөрүү күнү жана сессиядан кийин протоколдорду, токтомдорду кайрадан кароо, өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киригизүү үчүн кеминде беш күндөн кем эмес, кээ бир учурларда мындан да көп убакыт кетээрин белгилеп сессия өткөрүүгө компенсация өлчөмүн беш күндөн кем эмес күнгө эсептөөлөр жүргүзүү жагы белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жеригиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү Мыйзамынын 40-беренесинин 6-пунктуна ылайык айылдык кеңешинин төрагасына 2022-жыл ичи өткөргөн сессияларына компенсациясынын расчетун тиркемеге ылайык чыгарып төлөп берүү жагы айыл өкмөтүнүн финансы жана экономика бөлүмүнүн башчысы М.Осмоновго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовго милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б. Кубатов**